КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛАСТЫ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕНЕШ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА САДЫР АКЕ

**Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**1-уюштуруу сессиясы**

# ТОКТОМ

**21.02.2024 №5** **Темир айылы**

**«Садыр аке айыл аймагынын айыл өкмөтү»**
**мекемесин мамлекеттик каттоодон өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы ПЖ №370 "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын денгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 92-беренесин, Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" мыйзамдарын жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-мартындагы №178 токтому менен бекитилген "Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоонун тартиби жөнүндө" жобону жетекчиликке алып, жергиликтүү кеңеш токтом кылат:

1. «Садыр Аке айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемеси Кыргыз Республикасынын Президентинин 2023-жылдын 29-декабрындагы ПЖ №370 "Кыргыз Республикасынын айыл аймактарынын жана шаарларынын денгээлинде пилоттук режимде административдик-аймактык реформа жүргүзүү жөнүндө" Жарлыгынын негизинде, 4 айыл өкмөтү (Кумбел, Темир, Садыр Аке, Семеновка айыл аймактарынын айыл өкмөтү мекемелери) бириккендигине байланыштуу түзүлгөн «Садыр аке айыл аймагынын айыл өкмөтү» мекемеси мамлекеттик каттоодон өткөрүлсүн.
   Айыл өкмөтүнүн уюштуруу-укуктук формасы- мекеме.
2. Айыл өкмөтүнүн толук фирмалык аталышы:

- мамлекеттик тилде: **"Садыр Аке айыл аймагынын айыл өкмөтү"** мекемеси;
- расмий тилде: Учреждение **"Айыл окмоту айылного аймака Садыр Аке"**

Айыл өкмөтүнүн кыскартылган фирмалык аталышы:

- мамлекеттик тилде: **"Садыр Аке айыл аймагынын айыл өкмөтү " м-и**
- расмий тилде: **У-е " Айыл окмоту айылного аймака Садыр Аке"**

2.1. Мекеменин жайгашкан (Юридикалык дареги): Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Ысык-Көл району, Темир айылы, Бакытбек көчөсү, үй №60 болуп аныкталсын.

3. Садыр Аке айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн Жобосу жаңы редакцияда бекитилсин.
4. Кумбел, Темир, Садыр Аке, Семеновка айыл аймактарынын айыл өкмөттөрүнүн өткөрүп берүү актылары бекитилсин.

5. Садыр Аке айыл аймагынын айыл өкмөтү мекемесинин уюштуруучусу болуп Садыр Аке айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши эсептелсин. Каттоо номери 301039-3302-У-е, ИУЖКнын коду 32664397, ИСН 02003202410176, юридикалык дареги: Кыргыз Республикасы, Ысык-Көл облусу, Ысык-Көл району, Темир айылы, Бакытбек көчөсү, үй №60.
6. "Садыр Аке айыл аймагынын айыл өкмөтү" мекемесин Ысык-Көл областтык юстиция мамлекетик башкармалыгынан мамлекеттик каттоодон өткөрүү жагы айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы Н.Айдыгуловага милдеттендирилсин.

Мамлекеттик каттоо жөнүндө чечимди андагы көрсөтүлгөн маалыматтардын ошондой эле мамлекеттик каттоо үчүн тапшырылган документтердин маалыматтардын анык экендиги ырасталат.

**Төрайым** **А.С. Бараканова**

*Жиберилди: Иш кагаздарына-1. Обл.Юст.-2.*